КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШ БАШКАРМАСЫ

УПРАВЛЕНИЕ ДЕЛАМИ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

720003, Бишкек ш., Абдумомунов көч., 207 Тел.: (312) 66-20-76, Факс: 66-03-54 720003, г. Бишкек, ул. Абдумомунова, 207

# БУЙРУК ПРИКАЗ

№ 68 «22» март 2022-ж.г.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын мамлекеттик мүлкүн ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын ведомстволук уюмдарынын спецификасын эске алуу менен мамлекеттик имараттарды, курулмаларды жана жайларды колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 «Мамлекеттик мүлктү ижарага, чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартибин регламенттөөчү маселелер жөнүндө» токтомуна ылайык

**буйрук кылам:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын (мындан ары – Иш башкармасы) мамлекеттик мүлкүн ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө убактылуу жобо 1-тиркемеге ылайык;
- Иш башкармасынын мамлекеттик мүлкүн ижарага берүү боюнча комиссиянын курамы 2-тиркемеге ылайык;
- Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижаралык акыны эсептөө тартиби жөнүндө нускама 3-тиркемеге ылайык.

2. Иш башкармасынын маалыматташтыруу жана телекоммуникациялар бөлүмү Иш башкармасында аукциондорду өткөрүү боюнча электрондук программаны иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча тиешелүү ишти жүргүзсүн.

3. Иш башкармасынын бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмү квартал сайын Иш башкармасынын ведомстволук уюмдары менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Биринчи май аймактык башкармалыгынын салыштырып текшерүү актысын түзсүн.

4. Иш башкармасынын экономика жана пландаштыруу бөлүмү 2022-жылга болгон бюджетте ушул буйруктун 2-пунктунан келип чыгуучу чыгымдарды карасын.

5. Ушул буйрук күчүнө киргенге чейинки түзүлгөн мамлекеттик мүлктүн ижара келишимдеринин колдонулушу алар түзүлгөн мөөнөттөрдүн аягына чейин улантылат деп белгиленсин. Мындай келишимдер боюнча ижаралык акыны кайра эсептөө талап кылынбайт, эгер мындай келишимдерде башкача каралбаса.

6. Иш башкармасынын мамлекеттик мүлктү ижарага берүү боюнча комиссиясы, Иш башкармасынын ведомстволук уюмдарынын жетекчилери мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдө ушул буйруктун 1-пунктунда аталган Жобо менен Нускаманы бекем жетекчиликке алсын.

7. Иш башкармасынын 2021-жылдын 9-декабрындагы № 256 «Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын мамлекеттик мүлкүн ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу» буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

8. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо иш башкаруучунун орун басары Э.А. Шерматовго жүктөлсүн.

**Иш башкаруучу** **Т.К. Батырканов**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш Башкармасы * Управление делами Президента Кыргызской Республики * МЕКЕМЕ УЧРЕЖДЕНИЕ ДОКУМЕНТТИК КАМСЫЗДОО ЖАНА КОНТРОЛДОО БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИНН 01005199610068